Бекитемин
_______ Бектурганова Ж.Д

Сапарбек Мырзакматов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин ички көзөмөлү боюнча

Жобо

**Негизги жобо**

- Бул жобо Жайыл районунун Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектебинин уставынын негизинде кабыл алынды.
- Мектеп ичиндеги көзөмөл бул- эң негизги мектептин администрациясь тарабынан колдонулган ички көзөмөл, мектептин окуу процесинде жүргүзүлгөн ички көзөмөл.
- Мектептин ички көзөмөл жобосу мектептин пед.кеңешмесинде бекитилет жана ага ар кандай сунуштар, өзгөртүүлөр киргизилет.
- Жобонун эң негизги максаттары: мектепте билим сапатын жакшыртуу, мугалимдин сабак берүү ыкмасын кеңейтүү жана сапатын көтөрүү.
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү" закондун негизги нормативдүү-укуктук актыларын пед коллективге жеткирүү жана аларды аткарууга көзөмөл жүргүзүү.
- Укуктуу-нормативдүү актыларга баш ийбеген кемчиликтерге көңүл буруу жана аларды жоюу.
- Пед.коллективдин билим берүүдөгү ийгиликтерин жана аркеттерин мектеп ичине жайылтуу.
- Жаш мугалимдерге жана метод жардамга муктаж мугалимдерге ар тараптуу метод жардам берүү.
- Мугалимдерге үзүрлүү билим берүүдө метод жардам жана ийгиликтүү иштөөгө шарт түзүү.
- Мектеп ичиндеги буйруктарга баш ийүү жана аларды аткаруу .
- Мектеп директору жана директордун буйругу менен окуу завучтар же болбосо экспорт комиссиясынын мүчөлөрү ички көзөмөлгө катыша алат.

**"Билим берүү" закондорун аткарууда:**

- Окуу программаларды жана окуу пландарды аткарууга көзөмөл кылуу.
- Мектептин уставына баш ийүү жана ички көзөмөлдү сактоо
- Мектеп ичинде өтүлгөн аттестация өткөрүүдө окуучулардын жетишүү процесин көзөмөлдөө.

**Мугалимдин ишмердүүлүгүн аныктоодо төмөнкү талаптар көзөмөлгө алынат.**

- Окуу программанын толук өтүлгөнү.
- Окуучулардын сабактагы билим деңгээли.
- Мугалимдин окуучуларга жасаган жекече мамилеси.

- Ар бир балага жекече жана жаш каурагына жараша жасаган мамилеси.
- Мугалим жана окуунун ортосундагы түшүнүк мамилеси.
- Мугалимдин сабак өтүүдө колдонгон кошумча материал жана ар кандай метод куралдарды, жаңы интерактивдүү методдорго ылайык кошумча материалдарды колдонуусу.
- Ар кандай пед (ситуация) абалдан чыгуусу.
- Өзүнүн пед.тажрыйбасын жыйынтыктоо.

**Мугалимдин иш тажрыйбасын ички көзөмөлдө аныктоо жолдору.**

- Анкета уюштуруу
- Тест өткөрүү
- Мониторинг
- Байкоо жүргүзүү
- Документацияларь менен таанышуу сабакка анализ берүү (жекече)
- Окуучулардын аң сезимин жана алардын сабактан жетишкендигин байкоо, анализдөө.

**Ички көзөмөл өткөрүү методдору.**

- Байкоо
- Ооз эки (сурамжылоо)
- Жазуу түрүндө (тест)
- Жазуу түрүндө (текшерүү иши) билим сапатын текшерүү
- Анкета
- Документацияларды (иш кагаздарын) текшерүү

Мектептеги ички көзөмөл план графиктин негизинде жүргүзүлөт. Окуу жылдын башында пед.кеңешмеде ички көзөмөлдүн графиги бектилип, пед.коллективге жеткирилет.

Ички көзөмөл планын эң негизгиси- бул билим сапатын жакшыртуу.

**Ички көзөмөл директор жана окуу-тарбия завучтун окуучулардын билим деңгээлин көзөмөл өткөрүүдө:**

- Нулевой (баштапкы)
- Контрольный
- Итоговый (жыйынтыктоочу) көзөмөлдүн түрлөрү

Жекече кесиптик көзөмөл.

- Мугалимдин өзүнүн предметинин билим деңгээли.
- Мугалим өзүнүн жөндөмүн көрсөтө билиши керек.
- Мугалим азыркы талапка ылайык интерактивтүү ыкмаларын колдоно билиши керек.
- Өз билимин көтөрүүсү керек.
- Мугалидин изденүүсү мастер класс, ачык сабактары

Мугалимдин календардык планы(программанын аткарылышы боюнча) окуу программалары окуу жылына түзүлөт жана метод бирикмеде бекитилет.

Календардык планы жана сабактын планы мөөнөтү менен бири- бирине айкалышы керек. Журналдагы баалар убагында коюлуп, окуучулардын күндөлүгүнө да коюлушу керек. Окуу дептерлер текшерилип, тарбия пландар жазылып, ата-энелер жыйналышы , тарбия саатар өтүлүп, мөөнөттөрү бекитилет.

**Класстын жыйынтыктоочу көзөмөлү**

- Бул көзөмөл класста же параллелде өтүлөт (мисалы 10[а.б.в] )
- Бул класстарда же параллелдерде өтүлгөн ар бир сабактын билим деңгээли.
- Класстын (окуучулардын) сабактарга болгон умтулуусун, билим сапатын аныктоо.
- Класстардын тарбия иштеринин абалын текшерүү.
- Көзөмөлдүн жыйынтыгы пед.кеңешмеде же директор алдындагы кеңешмеде, кластык жыйынды,ата-энелер чогулушунда угузулат.